ЖҮРӨГҮМДӨ СҮЙҮҮ БОЗДОЙТ

Сөзү: Фаризат Асанкалиеваныкы
Обону: Түмөнбай Колдошовдуку
2014-жыл, 10-февраль
Аткаруучу: Т.Колдошов, Турсун Умар

Ошол кеч эсте калды күзүндөгү,
Көргөндөн үмүтүм эч үзүлбөдү.
Жүрөктү жүзгө бөлүп кетти окшойт,
Жылдыздай уячалар жүзүндөгү.

Кайырмасы:
Сен мага ушунчалык жагасың да,
Көктөгү жылдыздардай жанасың да
Экөөбүз бир болбойбуз аттиң дүйнө,
Жүрөктө арман болуп каласың да.

Жүргөндө жадап турмуш бардыгынан,
Таберик болдуң окшойт тагдырымдан.
Ээрчишип аалам кезип кетким келди,
Аргасыз калдым жердин тардыгынан.

Маңдайга ушундайды жазган окшойт,
Көздөрүң күлүп турса сезим козгойт.
Экөөбүз баратабыз эки жолдо,
А менин жүрөгүмдө сүйүү боздойт.